**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg


# №9 ЧЕЧИМ

2022-жылдын 10-апрели  Кара-Суу шаары

Катышышты:
Кара-Суу АШКнынтөрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Раева Ы., Акимбаев С., Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Айдаров М., Мамашев М.

**Күнтартиби:**

1. **Ак-Таш айылдык кеңешине №3 Барак шайлоо округунан талапкер А.Орозбаеванын арызын кароо.**

Ак-Таш айылдык кеңешинин депутаттыгына №3 Барак шайлоо округунан талапкер А.Орозбаева Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясына арыз менен кайрылган. Ал өз арызында талапкерлигин көрсөтүп, Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясына тапшырган убакытта Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсү А.Таев "карыганда", "жазуучу", "Бaрактын өзүнүн адамы бар" деген сөздөрдү сүйлөп, орой мамиле кылды, документтеримди тапшырып кеткенден кийин, А.Таев айылдашы Г.Танаеванын чакырып, талапкерлигин койдурду.

Талапкер Г.Танаева агитатор албастан, үгүт материалдарын Барак айылында таркатты деп көрсөтүлгөн.

А.Таевдин түшүнүк катында: "А.Орозбаеванын документтерин кабыл алууда ката жерлерине жардам берип, документтерин толтурушуп, кабыл алгамын. Ал аялга карата "жазуучу" деп айткан эмесмин" – деп жазылган (түшүнүк кат тиркелет).

Талапкер Г.Танаеванын түшүнүк катында: "Талапкерлигимди өзкаалоом менен Барак округуна койгомун, А.Таев чакырган эмес. Ал эми үгүт материалдарды Барак айылында таркатылган эмес" – деп көрсөтүлгөн (түшүнүк кат тиркелет).

Кара-Суу аймактык шайлоо комиссия жогорудагы маселени талкуулап, Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсү А.Таевге эскертүү берилсин деген сунуш добушка койулду.

**Макул –10**  **Каршы – жок**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү" Мыйзамынын 41-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык "Арыз, даттануу жүйөлүү болуп жана алар негизденген далилдер менен бирге берилүүгө тийиш". Бирок, арыз ээси үгүт материалдарды Г. Танаеванын тарабынан таркатуу боюнча эч кандай тастыкталган документерди келтирилген эмес. Ошол себептен Ак-Таш айылдык кеңешинин №3 Барак

шайлоо округуна депутаттыкка талапкер Г. Тэнаева үгүт материалдарды Барак айылында таркатуу боюнча маалымат тастыкталган жок.

**Макул –10** **Каршы – жок**

Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы күн тартибиндеги маселени талкуулап

**Чечим кылат:**

1. Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсү А.Таевге эскертүү берилсин.
2. Чечимдин аткаруу жагы Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Ж.Молдожановага милдеттендирилсин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо**
**Комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо**
**Комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожановка**